ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК66.047.791.7 DOI: 10.35803/1694-5298.2020.2.325-330

**САДИЕВА А.Э., ТИЛЕМИШОВА Н.Т.**
[1]И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети,
Бишкек, Кыргыз Республикасы
Кыргызский государственный технический университет им. И.Раззакова,
Бишкек, Кыргызская Республика

**SADIEVA A.E., TILEMISHOVA N.T.**
[1]Kyrgyz State Technical University n. a. I. Razzakov, Bishkek, Kyrgyz Republic
(E-mail: sadieva45@mail.ru tilemishova1@mail.ru)

# КЫРГЫЗСТАНДА СУУСУНДУКТАРДЫ ӨНДҮРҮҮНҮН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

# СОЦИАЛЬНО-ЭКОНОМИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ ПРОИЗВОДСТВА НАПИТКОВ В КЫРГЫЗСТАНЕ

# SOCIO-ECONOMIC BASIS OF BEVERAGE PRODUCTION IN KYRGYZSTAN

*Макалада Кыргыз Республикасынын суусундуктар рыногунун, ошону менен бирге алкоголсуз жана улуттук суусундуктарды өндүрүүгө анализ жүргүзүлөт. Алкоголсуз, улуттук суусундуктарды өндүрүүнүн көрсөткүчтөрү, аймактардагы өндүрүлгөн суусундуктардын көлөмү, ошондой эле анын Кыргызстандын экономикасына тийгизген таасири берилген. Кыргыз Республикасында чакан жана орто бизнести өнүктүрүү каралып, алардын көйгөйлөрү көрсөтүлгөн. "Бозо" улуттук суусундугунун өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун мүмкүн болгон багыты белгиленген.*

***Өзөк сөздөр::*** *тамак-аш өнөр жайы, базар экономикасы, улуттук суусундуктарды өндүрүү, бозо, центрифуга, чыпкалоо, пресс, экстракция, чөкмө.*

*В статье проведен анализ производства напитков в Кыргызской Республике, в том числе безалкогольных и национальных напитков, проведен анализ производства напитков в целом, в том числе алкогольных и безалкогольных, газированных напитков и натуральных соков, а также национальных напитков. Показаны особенности для достижения устойчивых темпов роста производства напитков, влияние на экономику Кыргызстана. Рассмотрены развитие малого и среднего бизнеса в Кыргызской Республике.*

***Ключевые слова:*** *пищевая промышленность, рыночная экономика, производство национальных напитков, бозо, центрифуга, фильтрация, прессование, экстракция, осадок.*

*The article analyzes the production of beverages in the Kyrgyz Republic, including non-alcoholic and national drinks, an econometric analysis of the production of beverages in general, including alcoholic and non-alcoholic, carbonated drinks and natural juices, as well as national drinks. The features of the production of drinks, as well as its impact on the economy of Kyrgyzstan, have been established The development of small and medium business in the Kyrgyz Republic is considered. Possible directions of increasing the production of the national drink "Bozo", including new designs of the main equipment of the lines, are given.*

***Key words:*** *food industry, market economy, production of national drinks, bozo, centrifuge, filtration, pressing, extraction, sediment.*

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда улуттук суусундуктар популярдуу болуп келе жатат. Технологияны жана өндүрүш техникасын бир эле мезгилде өркүндөтүү, ассортиментин кеңейтүү жана даяр продукциянын сапатын жакшыртуу менен алардын көлөмүнүн көбөйүшү байкалууда. Суусундук өндүрүү мамлекеттин экономикасынын маанилүү бөлүгү болуп эсептелет. Кыргыз элинин ата-бабаларынан кылымдардарды карытып, урпакка мурас болуп келаткан кымыз, максым, бозо, жарма, чалап сыяктуу улуттук суусундуктарын өнөр жайлык өлчөмдө өндүрүүнүн мааниси зор. Бул суусундуктар көбүнчө дан жана сүт азыктарынан ачытуу жолу менен даярдалгандыктан экологиялык жактан таза, суусунду кандыруучу жана ден соолукка абдан пайдалуу болуп саналат. Ушул сапаттарынан улам акыркы жылдары ачытуу жолу менен алынган улуттук ичимдиктерге болгон талап күндөн-күнгө өсүп келе жатат. Ошондуктан дан өсүмдүктөрүнөн ачытуу жолу менен даярдалган суусундуктар Кыргызтандын ички рыногунда маанилүү орунду ээлей баштады. Бул суусундуктардын азыктык жана биологиялык баалуулугу жогору болгондуктан, адамдын тамактануусундагы мааниси абдан чоң.

Дан эгиндеринен ачытылып жасалган суусундуктардын тарыхы элдин тарыхы менен ажырагыс байланышта. Даярдоо ыкмасы, чийки заты, химиялык курамы, даам касиеттери боюнча айырмаланган ар кандай суусундуктардын саны белгилүү: таруу жана буудай казактардын улуттук "боза" суусундугунун негизги дан бөлүгүн түзөт, буудайдан чыккан угут - кыргыздын улуттук "бозосу", талкан - хакастардын "Абыртхы" суусундугу, чийки майдаланган күрүч уну - "Түркстан буза", күрүч менен арпанын солод унунун аралашмасы - орустун "Малт" суусундугу, солодный сорго - Түштүк Африкада өндүрүлгөн суусундук ж.б.

Таруудан жасалган бозо суук мезгилде дагы эң жакшы суусундук катары колдонулган улуттук суусундук болуп эсептелет. Суусундук ичеги-карындын жана ашказандын кээ бир жараларынын айыгышына өбөлгө түзөт. Кыргыз улуттук гематология борборунун изилдөөлөрүнүн натыйжалары боюнча, бул суусундукту колдонуу кандагы гемоглобиндин көбөйүшүнө, уйку безинин жакшы иштешине алып келет. Суусундуктун курамында биологиялык баалуу компонент болгон белоктор, майлар, углеводдор, макро- жана микроэлементтер, темирдин биологиялык жеткиликтүүлүгүн жогорулатуучу жана ичеги-карын жолунун ферменттерин активдештирүүчү витаминдер бар [2].

**Бул иштин максаты** - Кыргызстанда "Бозо" улуттук суусундуктарын өндүрүүнүн учурдагы абалын жана өнүгүү келечегин изилдөө.

**Изилдөөнүн максаттары:**

1. Алкоголсуз жана улуттук суусундуктарды өндүрүү рыногунун көлөмү, өсү темпи жана өнүгүү динамикасын анализдөө.
2. Улуттук суусундуктарды өндүрүү рыногундагы атаандаштык кырдаалын кароо.
3. Тамак-аш өндүрүүчү ишканаларды, ошондой эле ушул тармактар үчүн машиналарды жана жабдууларды өнүктүрүүнүн көрсөткүчтөрүн талдоо.

**Изилдөө объектиси**: Кыргыз Республикасында ден-соолукка пайдалуу азык-түлүк рыногу. Улуттук суусундуктарды өндүрүүчү ишканалардын ишине мониторинг жүргүзүү.

Акыркы убакта Кыргызстанда татаал экономикалык шарттарга карабастан, тамак-аш өндүрүшүндө интенсивдүү өнүгүү байкалууда. Алардын ичинен суусундук өндүрүү - бул Кыргыз Республикасында динамикалуу өнүгүп келе жаткан тармак болуп эсептелет. Анткени Кыргызстандын тамак-аш өндүрүшүнүн жалпы көлөмүндө суусундуку өндүрүү тармагынын салыштырма салмагы 11-12% ды түзөт. Суусундук өндүрүү тармагы алкоголдук жана алкоголсуз өндүрүү болуп бөлүнөт. Алкоголсуз өндүрүү тармагы

улуттук суусундуктарды дагы камтыйт. Учурда республикада алкоголсуз суусундуктарды өндүрүү менен 40тан ашык фирма жана компания алектенишет, анын 13ү минералдык сууларды чыгарган болсо калгандары мөмө ширелерин жана улуттук суусундуктарды чыгарышат. 2015-жылдан 2019-жылга чейинки аралыкта (5 жыл ичинде) алкоголсуз суусундуктарды өндүрүү көлөмүнүн өсүү тенденциясы байкалууда. Кыргызстандагы алкоголсуз суусундуктарды өндүрүүнүн көлөмүн 2019-жылы 2015-жылга караганда салыштырып көрсөк 26380,4 миң литрге жогорулаганы, ал эми улуттук суусундуктар 938,2 миң литрге көбөйгөну  байкалууда (1-сүрөт) [3].




1-сүрөт. 2015-2019-жылдарда Кыргызстанда алкоголсуз суусундуктарды өндүрүү көлөмүнүн өсүшүнүн диаграммасы

Өлкөдө өндүрүлгөн продукциянын көпчүлүк бөлүгүн коңшу мамлекеттерге экспорттоого болот. Мисалы, 2015-жылы Кыргызстандан жалпы суммасы 2201,7 миң долларга суусундуктар экспорттолсо, 2019-жылы экспорттун көлөмү 5714,3 миң долларды түзгөн, алардын ичинен 163,9 миң долларга табигый ширелер жана улуттук суусундуктар экспорттолгон (2-сүрөт) [5].

Алкоголсуз суусундуктардын ассортименти үч кичи класска бөлүнөт:

- минералдык жана газдалган (таттуу эмес жана даамы жок),
- сергитүүчү суусундуктар (жемиш, жашылча, квас ж.б.),
- улуттук суусундуктар.

Алкоголсуз суусундуктарды өндүрүүдө сергитүүчү суусундуктар басымдуулук кылат. Ошол эле учурда, өндүрүлгөн алкоголсуз продукциянын жалпы көлөмүнөн минералдык сууларды өндүрүү 30% дан ашат. Эгерде 2014-жылдын аягында минералдык сууларды өндүрүү 24,0 млн литрди түзсө, 2018-жылы 26,4 млн литрге чейин көбөйүп, 10% ды түздү, ал эми улуттук суусундуктарды өндүрүү 980 миң литрге көбөйдү башкача айтканда, 50% ге жогорулашы байкалат (3-сүрөт) [4].




2-сүрөт. Алкоголсуз продукциянын экспортунун көлөмүнүн диаграммасы, млн. литр





3-сүрөт. Суусундуктарды өндүрүү

Улуттук суусундуктарга суроо-талап көбөйгөндүктөн, аларды өндүрүүнүн көбөйүү тенденциясы байкалат. Республикада улуттук суусундуктарды өндүрүүнүн негизги көлөмү Бишкек шаарына туура келет, бул жерде 2019-жылы өндүрүнүн көлөмү 116,33 миң литрди түзүп, 2015-жылга салыштырмалуу 22,6 миң литрге көбөйгөн. Ошентип, борбордо өндүрүлгөн продукциянын үлүшү диаграммада көрсөтүлгөндөй 79% ды түзөт (4-сүрөт). Белгилей кетсек, продукциянын көпчүлүгү Шоро компаниясы тарабынан чыгарылат, ал эми улуттук суусундуктардын ичинен бозо суусундугу өндүрүштүк масштабда “Шоро” фирмасы тарабынан жакынкы жылда чыгарыла баштады. Чүй жана Ош аймактарында 14% жана 6% өндүрүлгөн [3].


Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында алкоголсуз суусундуктардын рыногу ар түрдүү экени талашсыз. Ал эми ички рынок дүйнөлүк бренддер менен катар Кыргызстанда чыккан улуттук суусундуктардын да ассортиментин чагылдырат. Жогоруда белгиленгендей, кыргыз улуттук суусундуктарына Кыргызстан аймактарында гана эмес, ошондой эле жакынкы өлкөлөрдө дагы суроо-талап жыл санап өскөнү байкалат.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com





4-сүрөт. Республиканын аймактары боюнча улуттук суусундуктарды өндүрүүнүн диаграммасы

Алкоголсуз суусундуктарды өндүрүү көлөмүнүн өсүшүнүн динамикасы Кыргызстандын экономикасынын жана тамак-аш өнөр жайынын өнүгүүсүнүн оң тарапка өзгөргөнүн көрсөтөт.




5-сүрөт. Суусундуктарды өндүрүүчү чакан жана орто бизнестин катышынын диаграммасы


Учурда Кыргызстанда чакан жана орто бизнес өнүгүп жаткандыгын карап көрсөк, чакан ишканалардын өсүшүнүн басымдуулук кылганы байкалат, алардын саны акыркы 5 жылда 51,57% га көбөйгөн (5-сүрөт) [4]. Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасында 2019-жылдын 11 айында 89 ишкана пайдаланууга берилгендиги жана 1141 жумушчу орун түзүлгөндүгү айкын (6-сүрөт).




6- сүрөт. 2019-ж. пайдаланууга берилген суусундуктарды өндүрүүчү ишканалардын КР боюнча диаграммасы

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

Ушуга байланыштуу, чакан ишканалар үчүн орто жана төмөнкү өндүрүмдүүлүктөгү чакан өндүрүш агымдары жана аларга ылайык жабдууларды иштеп чыгуу зарылдыгы келип чыгат (7-сүрөт).




7-сүрөт. Машиналар менен жабдууларды өндүрүү боюнча көрсөткүчтөр

Суусундук өндүрүүчү орто жана кичи ишканалардын ишинин натыйжалуулугу товар рыногунун өсүшүнө көз каранды. Тамак-аш өндүрүшүнүн туруктуу өсүшүнө, өнүгүүнүн индустриялык, инновациялык өнүгүү жолуна өтүү, азыкты натыйжалуу өндүрүүнүн, атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун негизинде энергия жоготуулардын жана чийки заттын чыгымдарын азайткан, өндүрүлүп жаткан суусундуктун сапатын жогорулатууга мүмкүнчүлүк берген жабдууларды киргизүү, өндүрүш процессин интенсивдештирүү аркылуу жетишүү мүмкүн экендиги талашсыз.

Жогоруда айтылгандардын негизинде бул изилдөөлөрдүн максатын карап, ар кандай кубаттуулуктагы ишканалар үчүн салттуу технологияга ылайык, улуттук "Бозо" суусундуктарын өндүрүү боюнча агымдык катарды, ошондой эле бул агымда негизги жабдуу катары фильтр-пресстин долбоорун иштеп чыгуу актуалдуу маселе боло тургандыгын белгилеп кетсе болот.

## Адабияттар тизмеси

1. Садиева А.Э. Анализ технологии национального напитка "Бозо" и разработка потока соответствующей производству [Текст] / А.Э. Садиева, Н.Т. Тилемишова, Н.Б. Алымкулова // Вестник Нарынского государственного университета им. С. Нааматова. - 2016. - № 4. - С. 143-145.
2. Кыдыралиев Н.А. Технологические основы производства национального напитка «Бозо» [Текст] / Н.А.Кыдыралиев, А.У.Дейдиев. - Б.: ЧП «Абыкеев А.Э.», 2010 -117 с.
*3.* Промышленность Кыргызской Республики 2015-2019, 2020 г. [Электронный ресурс] Режим доступа: *http://www.stat.kg/ru/publications/kratkij-statisticheskij-spravochnik- kyrgyzstan/*
*4.* Статистический ежегодник Кыргызской Республики 2014-2017 гг [Электронный ресурс] Режим доступа: *http://www.stat.kg/ru/publications/statisticheskij-ezhegodnik-kyrgyzskoj- respubliki/*
5. Сборник «Внешняя и взаимная торговля Кыргызской Республики 2015-

2019» [Электронный ресурс] Режим доступа: http://www.stat.kg/ru/publications/sbornik-vneshnyaya- torgovlya-kyrgyzskoj-respubliki/